# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН КӨЗӨМӨЛ БОЮНЧА КОМИТЕТИНИН ТОКТОМУНУН

## КӨЧҮРМӨСҮ

Бишкек ш. 2019-жылдын «19» декабрындагы № 47/5

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 19-мартындагы № 6/2 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети жөнүндө» жобонун 2.4-пунктуна таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин төмөнкү токтомдоруна өзгөртүүлөр киргизилсин (кошо тиркелет):

- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2005-жылдын 5-октябрындагы № 43/1 «Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетту толтуруу боюнча методикалык көрсөтмөлөр жөнүндө» токтомуна;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2011-жылдын 29-июлундагы № 15/3 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды ишке ашырган банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетун толтуруу боюнча методикалык көрсөтмөлөр жөнүндө» токтомуна.

2. Токтом 2020-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

Көзөмөл боюнча комитетинин катчысы Ж. Аралова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ НАЦИОНАЛЬНЫЙ БАНК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана документ менен иш алып баруу бөлүмү Отдел развития государственного языка и документооборота ИНН 01212199210017

Кыргыз Республикасынын
Улуттук банкынын
Көзөмөл боюнча комитетинин
2019-жылдын «__» __________
№ ________________

токтомуна карата тиркеме

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөр

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2005-жылдын 5-октябрындагы № 43/1 «Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетту толтуруу боюнча методикалык көрсөтмөлөр жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мезгил-мезгили менен берилүүчүү регулятивдик банктык отчетту толтуруу боюнча методикалык көрсөтмөлөрдүн:

1) «Депозиттер, кредиттер жана колдонулган пайыздык чендер жөнүндө отчет» 29-бөлүктүн 31-пунктунун:

- 31.5-пунктчасынын:

- төртүнчү абзацындагы «Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» деген сөздөр «Кредиттик союздардын каржы компаниясы» дегенге алмаштырылсын;

- бешинчи абзацындагы «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондунун» деген сөздөр алынып салынсын;

- алтынчы, жетинчи жана сегизинчи абзацтары төмөнкү редакцияда берилсин:

«Резидент эмес юридикалык жактардын депозиттери» деп аталган 5-сапта резидент эмес коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын (банктардан жана башка финансы-кредит уюмдарынан тышкары) эсептешүү, депозит жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги каражаттарынын суммасы, ошондой эле ошол депозиттер жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдиттенмелер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер мөөнөттүүлүк категориялары жана валюталар боюнча көрсөтүлөт.

«Резидент эмес жеке адамдардын депозиттери» деп аталган 6-сапта резидент эмес жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин эсептешүү, депозит жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги каражаттарынын суммасы, ошондой эле ошол депозиттер жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдиттенмелер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер мөөнөттүүлүк категориялары жана валюталар боюнча көрсөтүлөт.

«Резидент эмес башка финансы-кредит уюмдарынын депозиттери» деп аталган 7-сапта резидент эмес башка финансы-кредит уюмдарынын эсептешүү, депозит жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги каражаттарынын суммасы, ошондой эле ошол депозиттер жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдиттенмелер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер мөөнөттүүлүк категориялары жана валюталар түрү боюнча көрсөтүлөт. Башка финансы-кредит уюмдарына камсыздандыруу компаниялары, инвестициялык фонддор, фондулук биржалар, мамлекеттик жана жеке пенсиялык фонддор, микрофинансылык уюмдар (микрокредиттик компаниялар, микрокредиттик агенттиктер, микрофинансылык компаниялар), кредиттик союздар, күрөөканалар, алмашуу бюролору ж.б кирет».

«Жыйынтыгында» деп аталган 8-сапта эсептешүү, депозит жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги каражаттардын жалпы суммасы, ошондой эле бардык депозиттер жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер мөөнөттүүлүк категориялары жана валюталар түрү боюнча көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп» деп аталган 9-сапта эсептешүү, депозит жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги каражаттардын жалпы суммасы, ошондой эле бардык депозиттер жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер мөөнөттүүлүк категориялары боюнча көрсөтүлөт.»;

- 31.6-пунктчасынын:

- төртүнчү абзацындагы «Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансылык компаниясы» деген сөздөр «Кредиттик союздардын каржы компаниясы» дегенге алмаштырылсын;

- бешинчи абзацындагы «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондунун» деген сөздөр алынып салынсын;

- алтынчы, жетинчи жана сегизинчи абзацтары төмөнкү редакцияда берилсин:

«Резидент эмес юридикалык жактардын депозиттери» деп аталган 5-сапта банктардан жана башка финансы-кредит уюмдарынан тышкары, отчеттук айда кабыл алынган, резидент эмес коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын депозиттери жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелери боюнча суммалары жана орточо салмактанып алынган пайыздык чендери мөөнөттүүлүк категориялары жана валюта түрү боюнча көрсөтүлөт.

«Резидент эмес жеке адамдардын депозиттери» деп аталган 6-сапта отчеттук ай ичинде кабыл алынган, резидент эмес жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин депозиттери жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелери боюнча суммалары жана орточо салмактанып алынган пайыздык чендери мөөнөттүүлүк категориялары жана валюта түрү боюнча көрсөтүлөт.

«Резидент эмес башка финансы-кредит уюмдарынын депозиттери» деп аталган 7-сапта отчеттук ай ичинде кабыл алынган, резидент эмес башка финансы-кредит уюмдарынын депозиттери жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелери боюнча суммалары жана орточо салмактанып алынган пайыздык чендери мөөнөттүүлүк категориялары жана валюта түрү боюнча көрсөтүлөт. Башка финансы-кредит уюмдарына камсыздандыруу компаниялары, инвестициялык фонддор, фондулук биржалар, мамлекеттик жана жеке пенсиялык фонддор, микрофинансылык уюмдар (микрокредиттик компаниялар, микрокредиттик агенттиктер, микрофинансылык компаниялар), кредиттик союздар, күрөөканалар, алмашуу бюролору ж.б кирет».

«Жыйынтыгында» деп аталган 8-сапта отчеттук ай ичинде кабыл алынган бардык депозиттер жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер боюнча жалпы сумма жана орточо салмактанып алынган пайыздык чендер мөөнөттүүлүк категориялары жана валюта түрү боюнча көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп» деп аталган 9-сапта отчеттук ай ичинде кабыл алынган бардык депозиттер жана жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги милдеттенмелер боюнча жалпы сумма жана орточо салмактанып алынган пайыздык чендер мөөнөттүүлүк категориялары боюнча көрсөтүлөт.»;

2) «Активдер, милдеттенмелер жана капитал жөнүндө күндөлүк отчет» 36-бөлүктүн 35-пунктунун:

- 35.2-пунктчасынын биринчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«35.2 Отчет «Активдер», «Милдеттенмелер», «Капитал» жана «Балланстан тышкары милдеттенмелер деп аталган төрт бөлүкчөдөн турат.».

- 35.3-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«35.3-пунктчасы. 1. Активдер төмөнкү статьяларды камтыйт:

«Банкоматтардагы нак акча каражаттары» деп аталган 1001-статьяда банктын жана анын филиалдарынын банкоматтарындагы банкноттордун жана монеталардын суммасы көрсөтүлөт.

«Филиалдардын кассаларындагы жана сактык кассаларындагы нак акча каражаттары» деп аталган 1002-статьяда банктын филиалдарынын кассаларындагы жана сактык кассаларындагы банкноттордун жана монеталардын суммасы көрсөтүлөт.

«Терминалдардагы нак акча каражаттары» деп аталган 1003-статьяда банктын жана анын филиалдарынын терминалдарындагы банкноттордун жана монеталардын суммасы көрсөтүлөт.

«Кассадагы нак акча каражаттары» деп аталган 1011-статьяда банктын жүгүртүү кассаларындагы банкноттордун жана монеталардын суммасы көрсөтүлөт.

«Жолдогу келе жаткан нак акча каражаттары» деп аталган 1012-статьяда банктар ортосунда, банк менен бир филиалы же анын эки филиалдары ортосунда жылышуу процессинде турган банкноттордун жана тыйындардын суммасы көрсөтүлөт.

«Улуттук банктагы корреспонденттик эсеп» деп аталган 1013-статьяда Улуттук банктагы корреспонденттик эсепте жайгаштырылган акча каражаттарынын суммасы чагылдырылат.

«Банк-резидент эместердеги корреспонденттик эсептер» деп аталган 1014-статьяда резидент эмес банктардагы корреспондеттик эсептеринде жайгаштырылган акча каражаттарынын суммасы чагылдырылат.

«Баалуу металлдар» деп аталган 1015-статьяда банктын сактоо жайында, корреспонденттик банктарда, ошондой эле банктар ортосунда, банк менен анын бир филиалы же эки филиалдары ортосунда жылышуу процессинде турган баалуу металлдардын номиналдык наркы чагылдырылат.

«Аффинаждалган стандарттык куймалар» түрүндөгү баалуу металлдар салмак бирдигинде (трой унциясында) жана «Валютанын эсептик курсу» мамычасында баалуу металлдар рыногунун Лондон ассоциациясынын отчетту даярдоо күнүнөн бир күн мурда эсептелинген кечки фиксинги боюнча көрсөтүлөт.

«Аффинаждалган өлчөгөн куймалар» түрүндөгү баалуу металлдар өлчөгөн куймалардын ар бир түрү (салмагы) өзүнчө саны боюнча (даана) көрсөтүлөт. Электрондук түрдө берилүүчү отчетто «өлчөгөн куймалар» түрүндөгү баалуу металлдар боюнча көрсөткүчтөр «Валютанын коду» тилкесинде валютанын коду көрсөтүлөт: алтын – 059, күмүш – 061, платина – 062. «Валютанын эсептик курсу» тилкесинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын отчеттук күнгө карата кайра сатып алуу баасы көрсөтүлөт.

«Банктардагы чет өлкө валютасындагы корреспонденттик эсептер» деп аталган 1016-статьяда резидент банктардагы корреспонденттик эсептеринде жайгаштырылган чет өлкө валютасындагы акча каражаттарынын суммасы чагылдырылат.

«Улуттук банктагы жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери» деп аталган 1017-статьяда Улуттук банкта жайгаштырылган, жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги активдер берилет.

«Банктардагы жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери» деп аталган 1018-статьяда банктарда-резиденттерде жайгаштырылган, жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги активдер берилет.

«Банктардагы жана башка финансы-кредит уюмдарындагы-резидент эместердеги жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери» деп аталган 1019-статьяда банктарда жана башка финансы-кредит уюмдарында-резидент эместерде жайгаштырылган, жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги активдер көрсөтүлөт.

«Улуттук банктагы депозиттер» деп аталган 1021-статьяда Улуттук банкта депозиттик эсептерде жайгаштырылган акча каражаттарынын суммасы көрсөтүлөт.

«Банктардагы депозиттер» деп аталган 1022-статьяда резидент-банктарда депозиттик эсептерде жайгаштырылган акча каражаттарынын суммасы көрсөтүлөт.

«Башка финансы-кредит уюмдарындагы депозиттер» деп аталган 1023-статьяда резидент-башка финансы-кредит уюмдарда депозиттик эсептерде жайгаштырылган акча каражаттарынын суммасы көрсөтүлөт.

«Банктардагы жана башка финансы-кредит уюмдардагы-резидент эместердеги депозиттер» деп аталган 1024-статьяда резидент эмес банктарда жана башка финансы-кредит уюмдардагы депозиттик эсептерде жайгаштырылган акча каражаттарынын суммасы көрсөтүлөт.

«Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү бийлик органдары тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар» деп аталган 1031-статьяда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана жергиликтүү бийлик органдарынын сатып алган баалуу кагаздарынын номиналык наркы сый акыны же дисконтту эске алуу менен чагылдырылат.

«Улуттук банк тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар» деп аталган 1032-статьяда Улуттук банктын сатып алган баалуу кагаздарынын номиналдык наркы сый акыны же дисконтту эске алуу менен чагылдырылат.

«Коммерциялык уюмдар тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар» деп аталган 1033-статьяда резидент-коммерциялык уюмдардын сатылып алынган баалуу кагаздарынын номиналдык наркы сый акыны же дисконтту эске алуу менен чагылдырылат.

«Резидент эместер тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар» деп аталган 1034-статьяда резидент эместердин сатылып алынган баалуу кагаздарынын номиналдык наркы сый акыны же дисконтту эске алуу менен чагылдырылат.

«Банктар тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар» деп аталган 1035-статьяда резидент-банктардын сатылып алынган баалуу кагаздарынын номиналдык наркы сый акыны же дисконтту эске алуу менен чагылдырылат.

«Резиденттердин баалуу кагаздарынын адилеттүү наркын корректировкалоо» деп аталган 1041-статьяда резиденттердин баалуу кагаздарын кайра баалоодон жүзөгө ашырылбаган пайданын/чыгымдын суммасы чагылдырылат. Дебеттик сальдонун суммасы плюс белгиси менен, ал эми кредиттик сальдонун суммасы – минус белгиси менен чагылдырылат.

«Резидент эместердин баалуу кагаздарынын адилет наркын корректировкалоо» деп аталган 1042-статьяда резидент эместердин баалуу кагаздарын кайра баалоодон жүзөгө ашырылбаган пайданын/чыгымдын суммасы чагылдырылат. Дебеттик сальдонун суммасы плюс белгиси менен, ал эми кредиттик сальдонун суммасы минус белгиси менен чагылдырылат.

«Улуттук банк менен репо-келишимдери боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар» деп аталган 1051-статьяда Улуттук банк менен репо-келишимдери боюнча сатылып алынган баалуу кагаздардын номиналдык наркы чагылдырылат.

«Банктар аралык репо-келишимдери боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар» деп аталган 1052-статьяда банктар аралык репо-келишимдери боюнча сатылып алынган баалуу кагаздардын номиналдык наркы чагылдырылат.

«Башка кардар-резиденттер менен репо-келишимдери боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар» деп аталган 1053-статьяда башка кардарлар–резиденттер менен репо-келишимдери боюнча сатылып алынган баалуу кагаздардын номиналдык наркы чагылдырылат.

«Резидент эместер менен репо-келишимдери боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар» деп аталган 1054-статьяда резидент эместер менен репо-келишими боюнча сатылып алынган баалуу кагаздардын номиналдык наркы чагылдырылат.

«Башка финансы-кредит уюмдары менен репо-келишими боюнча сатып алынган баалуу кагаздар» деп аталган 1055-статьяда башка финансы-кредит уюмдары-резиденттер

менен репо-келишимдери боюнча сатылып алынган баалуу кагаздардын номиналдык наркы чагылдырылат.

«Банктарга кредиттер» деп аталган 1061-статьяда резидент-банктарга берилген финансылык лизингди жана башка кредиттик алмаштыруучуларды кошо алганда, кредиттер боюнча карызынын суммасы чагылдырылат.

«Башка финансы-кредит уюмдарына кредиттер» деп аталган 1062-статьяда башка финансы-кредит уюмдарына-резиденттерге берилген финансылык лизингди жана башка кредиттик алмаштыруучуларды кошо алганда, кредиттер боюнча карыздардын суммасы чагылдырылат.

«Коммерциялык уюмдарга кредиттер» деп аталган 1063-статьяда коммерциялык уюмдарга-резиденттерге берилген финансылык лизингди жана башка кредиттик алмаштыруучуларды кошо алганда, кредиттер боюнча карызынын суммасы чагылдырылат.

«Коммерциялык эмес уюмдарга кредиттер» деп аталган 1064-статьяда коммерциялык эмес уюмдарга-резиденттерге берилген финансылык лизингди жана башка кредиттик алмаштыруучуларды кошо алганда, кредиттер боюнча карызынын суммасы чагылдырылат.

«Жеке адамдарга жана жеке ишкерлерге кредиттер» деп аталган 1065-статьяда жеке адамдарга жана жеке ишкерлерге-резиденттерге берилген финансылык лизингди жана башка кредиттик алмаштыруучуларды кошо алганда, кредиттер боюнча карызынын суммасы чагылдырылат.

«Резидент эмес банктарга кредиттер» деп аталган 1066-статьяда резидент эмес банктарга берилген финансылык лизингди жана башка кредиттик алмаштыруучуларды кошо алганда, кредиттер боюнча карызынын суммасы чагылдырылат.

«Резидент эмес юридикалык жактарга кредиттер» деп аталган 1067-статьяда финансылык лизингди жана башка кредит алмаштыруучуларды кошуу менен резидент эмес коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдарга берилген кредиттер боюнча карыздын суммасы чагылдырылат.

«Резидент эмес башка финансы-кредит уюмдарына кредиттер» деп аталган 1068-статьяда резидент эмес башка финансы-кредит уюмдарына берилген финансылык лизингди жана башка кредиттик алмаштыруучуларды кошо алганда, кредиттер боюнча карызынын суммасы чагылдырылат.

«Резидент эмес жеке адамдарга жана жеке ишкерлерге кредиттер» деп аталган 1069-статьяда финансылык лизингди жана башка кредит алмаштыруучуларды кошуу менен резидент эмес жеке адамдарга жана жеке ишкерлерге берилген кредиттер боюнча карыздын суммасы чагылдырылат.

«Коммерциялык уюмдарга кредиттер боюнча дисконт» деп аталган 1071-статьяда кредиттерди реструктуризациялоодон же кредитти рыноктук нарктан кыйла төмөн чен боюнча берүүнүн натыйжасында келип чыккан резидент-коммерциялык уюмдардын кредиттик карыздары боюнча дисконтторунун суммасы чагылдырылат. Кредиттик сальдонун суммасы минус белгиси менен көрсөтүлөт.

«Коммерциялык эмес уюмдарга кредиттер боюнча дисконт» деп аталган 1072-статьяда кредиттерди реструктуризациялоодон же кредитти рыноктук нарктан кыйла төмөн чен боюнча берүүнүн натыйжасында келип чыккан резидент-коммерциялык эмес уюмдардын кредиттик карыздары боюнча дисконтторунун суммасы чагылдырылат. Кредиттик сальдонун суммасы минус белгиси менен көрсөтүлөт.

«Жеке адамдарга жана жеке ишкерлерге кредиттер боюнча дисконт» деп аталган 1073-статьяда кредиттерди реструктуризациялоонун же кредит рыноктук нарктан олуттуу төмөн болгон ченде берилгендиктин натыйжасында келип чыккан резидент-жеке адамдар жана жеке ишкерлердин кредиттик карыздары боюнча дисконттордун суммасы чагылдырылат. Кредиттик сальдонун суммасы минус белгиси менен көрсөтүлөт.

«Резидент эмес юридикалык жактарга кредиттер боюнча дисконт» деп аталган 1074-статьяда кредиттерди реструктуризациялоонун же кредитти рыноктук нарктан олуттуу төмөн ченде берүүнүн натыйжасында келип чыккан резидент эмес коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын кредиттик карыздары боюнча дисконттордун суммасы чагылдырылат. Кредиттик сальдонун суммасы минус белгиси менен берилет.

«Резидент эмес жеке адамдарга жана жеке ишкерлерге кредиттер боюнча дисконт» деп аталган 1075-статьяда кредиттерди реструктуризациялоонун же кредитти рыноктук нарктан олуттуу төмөн ченде берүүнүн натыйжасында келип чыккан резидент эмес жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин кредиттик карыздары боюнча дисконттордун суммасы чагылдырылат. Кредиттик сальдонун суммасы минус белгиси менен берилет.

«Инвестициялар жана банктарга финансылык катышуу» деп аталган 1081-статьяда инвестициялоо жана туунду, ассоциацияланган банктарга финансылык катышуу наркы чагылдырылат.

«Инвестициялар жана башка финансы-кредит уюмдарына финансылык катышуу» деп аталган 1082-статьяда инвестициялоо жана туунду, ассоциацияланган финансылык эмес уюмдарга финансылык катышуу наркы чагылдырылат.

«Инвестициялар жана финансылык эмес уюмдарга финансылык катышуу» деп аталган 1083-статьяда инвестициялоо жана туунду, ассоциацияланган финансылык эмес уюмдарга финансылык катышуу наркы чагылдырылат.

«Улуттук банктагы депозиттер боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1091-статьяда Улуттук банкта жайгаштырылган депозиттер боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Банктардагы депозиттер боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1092-статьяда резидент-банктарда жайгаштырылган депозиттер боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Башка финансы-кредит уюмдардагы депозиттер боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1093-статьяда башка финансы-кредит уюмдарында жайгаштырылган депозиттер боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Резидент эмес-банктарда жана башка финансы-кредит уюмдарындагы депозиттер боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1094-статьяда резидент эмес-банктардагы жана башка финансы-кредит уюмдарындагы депозиттер боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Улуттук банктагы жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1095-статьяда Улуттук банкта жайгаштырылган, жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги активдер боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасын чагылдырылат.

«Банктардагы жана башка финансы-кредит уюмдарындагы жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1096-статьяда Банктардагы жана башка финансы-кредит уюмдарындагы жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги активдер боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы көрсөтүлөт.

«Банктардагы жана башка финансы-кредит уюмдарындагы-резидент эместердеги жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептери боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1097-статьяда Банктардагы жана башка финансы-кредит уюмдарындагы-резидент эместердеги жеке белгилери көрсөтүлбөгөн металл эсептериндеги активдер боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы көрсөтүлөт.

«Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү бийлик органдары тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1101-статьяда Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү бийлик органдары тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Улуттук банк тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1102-статьяда Улуттук банк тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Коммерциялык уюмдар тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1103-статьяда резидент-коммерциялык уюмдар тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Резидент эместер тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1104-статьяда резидент эместер тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Банктар тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1105-статьяда резидент-банктар тарабынан чыгарылган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Улуттук банк менен репо-келишимдери боюнча сатып алынган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1111-статьяда Улуттук банк менен репо-келишимдери боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Банктар аралык репо-келишимдери боюнча сатып алынган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1112-статьяда банктар аралык репо-келишимдери боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Башка-резидент кардарлар менен репо-келишимдери боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1113-статьяда башка-резидент кардарлар менен репо-келишимдери боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Резидент эместер менен репо-келишимдери боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1114-статьяда резидент эместер менен репо-келишимдери боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Башка финансы-кредит уюмдары менен репо-келишимдери боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1115-статьяда резидент-башка финансы-кредит уюмдары менен репо-келишимдери боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Банктарга берилген кредиттер боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1121-статьяда резидент-банктарга берилген кредиттер боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Башка финансы-кредит уюмдарына берилген кредиттер боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1122-статьяда резидент башка финансы-кредит уюмдарына берилген кредиттер боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Коммерциялык уюмдарга берилген кредиттер боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1123-статьяда резидент-коммерциялык уюмдарга берилген кредиттер боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Коммерциялык эмес уюмдарга берилген кредиттер боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1124-статьяда резидент коммерциялык эмес уюмдарга берилген кредиттер боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Жеке адамдарга жана жеке ишкерлерге берилген кредиттер боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1125-статьяда резидент жеке адамдарга жана жеке ишкерлерге берилген кредиттер боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Резидент эмес банктарга берилген кредиттер боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1126-статьяда резидент эмес банктарга берилген кредиттер боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Резидент эмес юридикалык жактарга кредиттер боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1127-статьяда резидент эмес коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдарга берилген кредиттер боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Резидент эмес башка финансы-кредит уюмдарына берилген кредиттер боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1128-статьяда резидент эмес башка финансы-кредит уюмдарына берилген кредиттер боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Резидент эмес жеке адамдарга жана жеке ишкерлерге кредиттер боюнча алууга чегерилген пайыздар» деп аталган 1129-статьяда резидент эмес жеке адамдарга жана жеке ишкерлерге берилген кредиттер боюнча алууга чегерилген пайыздардын суммасы чагылдырылат.

«Баалуу кагаздар боюнча алууга каралган дивиденддер» деп аталган 1131-статьяда баалуу кагаздардын эмитенти тарабынан төлөө үчүн жарыяланган баалуу кагаздар боюнча дивиденддердин суммасы чагылдырылат.

«Чегерилген комиссиялык кирешелер» деп аталган 1132-статьяда кардарларга сунушталуучу ар кандай кызмат көрсөтүүлөр боюнча чегерилген комиссиялык кирешелердин суммасы чагылдырылат.

«Позициялык эсеп» деп аталган 1141-статьяда ар бир валюта жана ар бир баалуу металл боюнча таза спот-позиция көрсөтүлөт. Дебеттик сальдонун суммасы плюс белгиси, ал эми кредиттик сальдонун суммасы минус белгиси менен чагылдырылат.

«Чет өлкө/улуттук валюталарын жана баалуу металлдарды бүткөрүлбөгөн спот-сатып алуулар» деп аталган 1142-статьяда бүтүмгө келишилген күндөн валюталоо күнүнө чейинки ар бир валюта жана ар бир баалуу металл боюнча спот-сатып алуулардын суммасы көрсөтүлөт.

«Улуттук банк менен операциялар боюнча своп-позиция» деп аталган 1143-статьяда Улуттук банк менен ар бир валюта жана ар бир баалуу металл боюнча операциялардын своп-позициянын дебеттик сальдосунун суммасы чагылдырылат.

«Банктар менен операциялар боюнча своп-позиция» деп аталган 1144-статьяда – резидент-банктар менен ар бир валюта жана ар бир баалуу металл боюнча операциялардын своп-позициянын дебеттик сальдосунун суммасы чагылдырылат.

«Башка кардарлар менен операциялар боюнча своп-позиция» деп аталган 1145-статьяда банктардан жана башка финансы-кредит уюмдарынан тышкары резидент башка кардарлар менен ар бир валюта жана ар бир баалуу металл боюнча операциялардын своп-позициянын дебеттик сальдосунун суммасы чагылдырылат.

«Резидент эместер менен операциялар боюнча своп-позиция» деп аталган 1146-статьяда резидент эместер менен ар бир валюта жана ар бир баалуу металл боюнча операциялардын своп-позициянын дебеттик сальдосунун суммасы чагылдырылат.

«Башка финансы-кредит уюмдары менен операциялар боюнча своп-позиция» деп аталган 1147-статьяда резидент башка финансы-кредит уюмдары менен ар бир валюта жана ар бир баалуу металл боюнча операциялардын своп-позициянын дебеттик сальдосунун суммасы чагылдырылат.

«Башка туунду финансылык инструменттер» деп аталган 1148-статьяда резиденттер менен башка туунду финансылык инструменттер ар бир валюта жана ар бир баалуу металл боюнча, своп-операциялардан башка операциялар боюнча дебеттик сальдонун суммасы чагылдырылат.

«Резидент эместер менен башка туунду финансылык инструменттер» деп аталган 1149-статьяда резидент эместер менен башка туунду финансылык инструменттер ар бир

валюта жана ар бир баалуу металл боюнча своп-операциялардан башка операциялар боюнча дебеттик сальдонун суммасы чагылдырылат.

«Кредиттер жана лизингдер боюнча потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам» деп аталган 1151-статьяда кредиттер жана лизингдер боюнча потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга жалпы жана атайы камдардын суммасы (кредиттердин жана лизингдердин негизги суммасы жана алар боюнча чегерилген пайыздар боюнча) чагылдырылат.

«Кредиттерден жана лизингдерден айырмаланган жана башка активдер боюнча потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам» деп аталган 1152-статьяда кредиттерден жана лизингдерден айырмаланган жана башка активдер боюнча потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга жалпы жана атайы камдардын суммасы чагылдырылат.

«Негизги каражаттар» деп аталган 1153-статьяда материалдык активдердин (жер, имарат жана курулмалар, эмеректер жана жабдуулар, транспорт) баланстык наркы чагылдырылат.

«Материалдык эмес активдер» деп аталган 1154-статьяда материалдык эмес активдердин (программалык камсыздоо, интеллектуалдык менчик ж.б.) баланстык наркы чагылдырылат.

«Башка активдер» деп аталган 1155-статьяда башка беренелерда эске алынбаган жана башка активдердин наркы чагылдырылат.»;

- 35.4-пунктчасы «2-бөлүкчө. Милеттенмелер» төмөнкү редакцияда берилсин:

«Банктардын чет өлкө валютасындагы эсептешүү (лоро) эсептери» деп аталган 2010-статьяда резидент банктар тарабынан чет өлкө валютасындагы эсептешүү эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыгы көрсөтүлөт.

«Башка финансы-кредит уюмдарынын (Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондусунан тышкары) эсептешүү эсептери» деп аталган 2011-статьяда резидент башка финансы-кредит уюмдары тарабынан эсептешүү эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт. Башка финансы-кредит уюмдарына камсыздандыруу компаниялары, инвестициялык фонддор, фонддук биржалар, мамлекеттик жана жеке пенсиялык фонддор, микрофинансылык уюмдар (микрокредиттик компаниялар, микрокредиттик агенттиктер, микрофинансылык компаниялар), кредиттик союздар, күрөөканалар, алмашуу бюролору, «Кредиттик союздардын каржы компаниясы» ААК, Банктарды кайра каржылоонун адистештирилген фонду кирет.

«Коммерциялык уюмдардын эсептешүү эсептери» деп аталган 2012-статьяда резидент коммерциялык уюмдар тарабынан эсептешүү эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Коммерциялык эмес уюмдардын эсептешүү эсептери» деп аталган 2013-статьяда резидент коммерциялык эмес уюмдар тарабынан эсептешүү эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин эсептешүү эсептери» деп аталган 2014-статьяда резидент жеке адамдар жана жеке ишкерлер тарабынан эсептешүү эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Банктардын-резидент эместердин эсептешүү (лоро) эсептери» деп аталган 2015-статьяда банктар-резидент эместер тарабынан эсептешүү эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Резидент эмес юридикалык жактардын эсептешүү эсептери» деп аталган 2016-статьяда резидент эмес коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын тарабынан эсептешүү эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондунун эсептешүү эсептери» деп аталган 2017-статьяда Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду тарабынан эсептешүү эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Резидент эмес банка финансы-кредиттик уюмдардын эсептешүү эсептери» деп аталган 2018-статьяда резидент эмес банка финансы-кредит уюмдары тарабынан эсептешүү эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Резидент эмес жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин эсептешүү эсептери» деп аталган 2019-статьяда резидент эмес жеке адамдар жана жеке ишкерлер тарабынан эсептешүү эсептеринде жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Банктардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттери» деп аталган 2021-статьяда резидент банктар тарабынан талап боюнча төлөнүүчү депозиттик эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Банка финансы-кредит уюмдардын (Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондунан тышкары) талап боюнча төлөнүүчү депозиттери» деп аталган 2022-статьяда резидент банка финансы-кредит уюмдарлери тарабынан талап боюнча төлөнүүчү депозиттик эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт. Банка финансы-кредит уюмдарына камсыздандыруу компаниялары, инвестициялык фонддор, фонддук биржалар, мамлекеттик жана жеке пенсиялык фонддор, микрофинансылык уюмдар (микрокредиттик компаниялар, микрокредиттик агенттиктер, микрофинансылык компаниялар), кредиттик союздар, күрөөканалар, алмашуу бюролору, «Кредиттик союздардын каржы компаниясы» ААК, Банктарды кайра каржылоонун адистештирилген фонду кирет.

«Коммерциялык уюмдардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттери» деп аталган 2023-статьяда резидент коммерциялык уюмдар тарабынан талап боюнча төлөнүүчү депозиттик эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Коммерциялык эмес уюмдардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттери» деп аталган 2024-статьяда резидент коммерциялык эмес уюмдар тарабынан талап боюнча төлөнүүчү депозиттик эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин талап боюнча төлөнүүчү депозиттери» деп аталган 2025-статьяда резидент жеке адамдар жана жеке ишкерлер тарабынан талап боюнча төлөнүүчү депозиттик эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Резидент эмес банктардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттери» деп аталган 2026-статьяда резидент эмес банктардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттик эсептерге жайгаштырган акча каражаттарынын калдыгы көрсөтүлөт.

«Резидент эмес юридикалык жактардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттери» деп аталган 2027-статьяда резидент эмес коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын талап боюнча төлөнүүчү депозит эсептерине жайгаштырган акча каражаттарынын калдыгы көрсөтүлөт.

«Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондунун талап боюнча төлөнүүчү депозиттери» деп аталган 2028-статьяда Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду тарабынан талап боюнча төлөнүүчү депозиттик эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Резидент эмес банка финансы-кредит уюмдарынын талап боюнча төлөнүүчү депозиттери» деп аталган 2029-статьяда резидент эмес банка финансы-кредит уюмдары тарабынан талап боюнча төлөнүүчү депозиттик эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Резидент эмес жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин талап боюнча төлөнүүчү депозиттери» деп аталган 2030-статьяда резидент эмес жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин талап боюнча төлөнүүчү депозит эсептерине жайгаштырган акча каражаттарынын калдыгы көрсөтүлөт.

«Банктардын мөөнөттүү депозиттери» деп аталган 2031-статьяда резидент банктар тарабынан мөөнөттүү депозиттик эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Башка финансы-кредит уюмдарынын (Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондунан тышкары) мөөнөттүү депозиттери» деп аталган 2032-статьяда резидент башка финансы-кредит уюмдары тарабынан мөөнөттүү депозиттик эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт. Башка финансы-кредит уюмдарына камсыздандыруу компаниялары, инвестициялык фонддор, фонддук биржалар, мамлекеттик жана жеке пенсиялык фонддор, микрофинансылык уюмдар (микрокредиттик компаниялар, микрокредиттик агенттиктер, микрофинансылык компаниялар), кредиттик союздар, күрөөканалар, алмашуу бюролору, «Кредиттик союздардын каржы компаниясы» ААК, Банктарды кайра каржылоонун адистештирилген фонду кирет.

«Коммерциялык уюмдардын мөөнөттүү депозиттери» деп аталган 2033-статьяда резидент коммерциялык уюмдар тарабынан мөөнөттүү депозиттик эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Коммерциялык эмес уюмдардын мөөнөттүү депозиттери» деп аталган 2034-статьяда резидент коммерциялык уюмдар тарабынан мөөнөттүү депозиттик эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин мөөнөттүү депозиттери» деп аталган 2035-статьяда жеке адамдар жана жеке ишкерлер тарабынан мөөнөттүүдепозиттик эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Резидент эмес банктардын мөөнөттүү депозиттери» деп аталган 2036-статьяда резидент эмес банктар тарабынан мөөнөттүү депозиттик эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Резидент эмес юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери» деп аталган 2037-статьяда резидент эмес коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын мөөнөттүү депозит эсептерине жайгаштырган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондунун мөөнөттүү депозиттери» деп аталган 2038-статьяда Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду тарабынан мөөнөттүү депозиттик эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Резидент эмес башка финансы-кредит уюмдарынын мөөнөттүү депозиттери» деп аталган 2039-статьяда резидент эмес башка финансы-кредит уюмдары тарабынан мөөнөттүү депозиттик эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Резидент эмес жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин мөөнөттүү депозиттери» деп аталган 2040-статьяда резидент эмес жеке адамдардын жана жеке ишкерлердин мөөнөттүү депозит эсептерине жайгаштырган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Кыргыз Республикасынын Казыналыгынын эсептери» деп аталган 2041-статьяда Кыргыз Республикасынын Казыналыгынын регионалдык бөлүмдөрүнүн транзиттик эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун эсептери» деп аталган 2042-статьяда Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан эсептешүү (күндөлүк) эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун депозиттери» деп аталган 2043-статьяда Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан депозиттик эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин депозиттери» деп аталган 2044-статьяда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан депозиттик эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

«Жергиликтүү бийлик органдарынын депозиттери» деп аталган 2045-статьяда жергиликтүү бийлик органдары тарабынан депозиттик эсептерине жайгаштырылган акча каражаттарынын калдыктары көрсөтүлөт.

